**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 10 - октябры, № 6/3 — Ылай-Талаа айылы

## Жер пайдалануу ченемдери, жер казынасын пайдалануу боюнча өз ара пайдалуу кызматташтыктын негизинде жер казынасын пайдалануу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 – "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктунун 15-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 19-майындагы № 49 – "Жер казынасы жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунун 6-пунктчасына ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 26.09.2025-жылдагы № 01-19/647 сунуш катындагы жагдайды угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа – Тогуз-Булак – Жоошолу – Аюу-Тапан – Гүлчө унаа жолун куруу № 26 ЖЭИнын 2025-жылдагы титулдук тизмесине кирип бул ишкана менен келишимдик негизде иш алып барып жаткан "Жагалмай" ЖЧКна бул унаа жолун салууда пайдалана турган көчмө асфальт заводун куруунга жана шагыл алууга айыл аймагынын Сай айылындагы Боз үй участкасынын жогору жагындагы жерден контурун тактоо менен 5 (беш) гектар жер аянтын убактылуу пайдалануу үчүн бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бериле турган жер аянтына тиешелүү документтерин даярдап, бардык форс-мажордук жагдайларды эки тараптык келишимге киргизип иш алып баруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын.

**Төрага** — **А.Мойдунов**